БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ДЕПАРТАМЕНТИ

ДЕПАРТАМЕНТ ОБРАЗОВАНИЯ
МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

2023-ж 30-августунан № 249 **Бишкек шаары**

**2023-2024-окуу жылына карата Бишкек шаарындагы Т.Молдо атындагы №71 жетим жана ата-эненин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернатынын эксперименталдык аянтчасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун стратегиялык документтерин аткарууга ылайык гуманитардык, табигый-илимий жана физика-математика багыттарында окуучулардын билиминин сапатын жогорулатууда, мугалимдердин окуу программаларын иштеп чыгууда мектептин инновациялык ишмердүүлүгүн күчөтүү, жаңы ыкмаларды колдонуусун күчөтү менен чет тилдерди окутуунун базасын түзүү жана “аңглис тилин тереңдетип окутуучу мектеп- гимназия” макамына өтүү иретинде, эксперттик комиссиянын корутундусунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Эксперименттик аянтчасы менен жалпы билим берүү уюму жөнүндө Типтүү жобо” 2022-жылдын 23-ноябрындагы №2488/1 буйругуна ылайык **буйрук кылам:**

1. 2023-2024-окуу жылына карата Бишкек шаарындагы Т.Молдо атындагы №71 жетим жана ата-эненин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернатында гуманитардык, табигый-илимий жана физика-математика багыттарындагы эксперименталдык аянтчасы жана эксперименталдык окуу-планын камсыз кылуу менен №1, 2 жана 3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Билим берүүнү өнүктүрүү бөлүмү (Г.К.Акматова) эксперименталдык аянтчанын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөнү, анын жыйынтыгын жана аны андан ары ишке ашыруу максатында сунуштамаларды иштеп чыгууну камсыз кылсын.
3. 2023-2024-окуу жылы ичинде №71 жетим жана ата-эненин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернатына

экспериментальдык аянтчанын иштешине усулдук колдоо көрсөтүү үчүн Билим берүүнү өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси Ч.А.Бактыгуловага жүктөлсүн.

4. №71 жетим жана ата-эненин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернатынын директору (Э.К.Абдыкадыров).

4.1. Эксперименттин жыйынтыктары жөнүндө отчетторду Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментине 2023-2024-окуу жылдын 1 жана 2 жарым жылдыгынан кечирбестен тапшырылсын;

4.2. Шаардык жалпы билим берүүчү уюмдарынын гуманитардык, табигый-илимий жана физика-математика багыттарындагы мугалимдери үчүн системалуу окутуу семинар-тренингдерин жүргүзүү камсыздалсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Билим берүүнү өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Г.Акматовага жүктөлсүн.

**Директор** **Р.И. Мусаева**

Билим берүүнү өнүктүрүү
бөлүмүнүн башчысы

Г.К. Акматова

**Аткаруучу**

Билим берүүнү өнүктүрүү
бөлүмүнүн башкы адиси

Ч.А. Бактыгулова

**Таанышылды**

№71 жетим жана ата-эненин көзөмөлүсүз
калган балдар үчүн жалпы орто билим
берүүчү мектеп-интернатынын директору

Э.К.Абдыкадыров